

# 1-ТЕМА. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ УКУКТУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЧЕНЕМДЕР

## 1-лекция. Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча Улуттук мыйзамдары жана эл аралык милдеттенмелери

# Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык:

- Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат.
- Эл аралык келишимдерди, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуунун тартиби жана шарттары мыйзам менен аныкталат (6-бер.).

# Эл аралык милдеттенмелер

- 1945-жылы эл аралык жамаат жалпыга таандык тынчтык жана социалдык прогресс үчүн биригишкен жана Бириккен Улуттар Уюму түзүлгөн (БУУ).
- Ал эми 1948-жылы Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынган, мына ушундан соң адам укуктарын өнүктүрүүнүн заманбап тарыхы башталган.
- Кыргыз Республикасы 1992-жылдан баштап БУУнун мүчөсү болуп эсептелет жана калкты үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого багытталган негизги эл аралык документтерди ратификациялаган.

# Кыргызстан мүчө болуп саналат:

- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакты (1966-ж.).
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты (1966-ж).
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга карата Факультативдик протокол (1966-ж).
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга карата факультативдик протокол (1989-ж.)
- Баланын укуктары жөнүндө конвенция (1989-ж.)
- 1325 Резолюциясы (2000), Коопсуздук Кеӊеши тарабынан анын 4213-жыйынында 2000-жылдын 31-октябрында кабыл алынган.
- Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция (1979-ж.).
- Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенцияга Факультативдик протокол (1999-ж.).

## Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция, ага карата Факультативдик Протокол жана Сунуштамалар

- Бул документтер гендердик тең укуктуулукка жетишүүгө, ошондой эле аялдарга карата басмырлоону төмөндөтүүгө багытталган улуттук аракеттер планын так аныктап турат.
- Конвенция аялдарга карата зомбулуктун жана басмырлоонун конкреттүү чөйрөлөрүн бөлүп көрсөтөт жана мамлекеттерге аларды четтетүү үчүн позитивдүү кадамдарды кабыл алуу милдеттерин тапшырат.

# №19 Жалпы сунуштама

- Сунуштамада үй-бүлөдөгү зомбулук аялдарга карата зомбулуктун кыйла кеңири тараган жана туңгуюктуу түрүн камтыйт деп айтылат. Экономикалык көз карандысыздыктын жоктугу көптөгөн аялдарды үй-бүлөдөгү зомбулукка чыдоого мажбурлоодо. Үй-бүлөдө зомбулуктун сакталышына аялдарды эркектерге карата баш ийген абалга койгон салттык ыкмалар түрткү берет.
- Сунуштама катышуучу-мамлекеттерге үй-бүлөдөгү зомбулукка багытталган мыйзамдар аялдарга тийиштүү түрдөгү коргоо кепилдигин берүүсүн камсыз кылуусун жетекчиликке алат.
- Конвенцияны сактоонун натыйжалуу зарыл шарты сот, укук коргоо, социалдык органдардын кызматкерлерин жана башка мамлекеттик кызмат адамдарын аялдарга карата зомбулук окуялары менен иштөөгө даярдоо болуп эсептелет.

# Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча улуттук мыйзамдары

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси
- Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк кодекси
- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси
- Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси
- Кыргыз Республикасынын Жаза-аткаруу кодекси
- КР «Үй-бүлөлүк хомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы
- КР «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» Мыйзамы
- КР «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамы
- КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы
- КР «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамы
- КР «Пробация жөнүндө» Мыйзамы
- КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамы

# Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген:

- эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ (24-бер. 3-п.)
- басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырган гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө тыюу салынат (32-бер. 4-п.),
- баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыз кылуу принциби колдонулат (27-бер. 2-п.),
- эч ким кыйноолорго жана башка катаал адамгерчиликсиз, ырайымсыз же кадыр-барктуу басмырлаган мамилелерге жана жазалоого дуушар болбоого тийиш (56-бер.4-п.),
- Конституция ар бир адамга кепилдик берет:
  - жеке кол тийгистикке укуктуу (59-бер. 1-п),
  - ар бир адамга укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого (61-бер., 1-п.),
  - квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу (61-бер. 4-п.).

# Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодексине ылайык

мамлекет баланын жеке кол тийбестигин камсыз кылат, аны, анын ичинде үй-бүлөлүк чөйрөдө дене бойлук жана (же) психикалык, сексуалдык зомбулуктан, ырайымсыз, орой же адамдык беделди кемсинткен мамиледен коргоону жүзөгө ашырат (16-бер).

# Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк кодексинде бекитилген:

- Жубайлардын тең укуктуулугу белгиленген, жубайлардын бири-бирине карата гендердик басмырлоо жасашына жол берилбейт (32-бер.).
- Балдарга тарбия берүүдө кайдыгерлик, зөөкүрдүк, оройлук, адамдык аброюн кемсинтүү, мазактоо же балдарды эзүү усулу болбоого тийиш (70-бер.).
- Эгерде ата-энелер балдарга зөөкүрдүк жасаса, анын ичинде анын дене боюна жана психикасына зомбулук көрсөтсө, жыныстык кол тийгистигине кол салса, алар ата-энелик укуктарынан ажыратылышы мүмкүн (74-бер.).
- Бала ата-энеси тарабынан зомбулуктан жана башка кыянатчылыгынан коргонууга укуктуу.

# Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде:

үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн караштырылган:

- кырктан жүз саатка чейинки коомдук иштерге тартууга, же болбосо эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жоопкерчилик (177-берене.)
- жана кылмыш жасаган адамдын зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөөчү программадан өтүү милдети, оңдоп-түзөөчү программадан өтүүдөн баш тарткандыгы үчүн (эскертүү же 40 саатка коомдук иштерге тартуу).

# Кыргыз Республикасынын Укук бузуу жөнүндө кодексинде караштырылган:

- үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн кылмыштын белгилери жок болгон учурда, 40 саатка коомдук иштерге тартуу, же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонуу жоопкерчилиги караштырылган.
- Ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук жасоо фактысы боюнча берилген убактылуу коргоо ордеринин шарттарын бузгандыгы үчүн (40 саатка коомдук иштерге тартууга же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алуу жазасы караштырылган), жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын оңдоп-түзөөчү программадан өтүүдөн баш тарткандыгы үчүн.

## Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөөчү программасынан өтүүсүнө тиешелүү ченемдери:

- Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу кодексинде (61-7-бер.) жана Кыргыз Республикасынын «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамында (14-бер. 4-1-п) 4-1) үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн соттолгон адамдардын зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды өтүү тартиби бекитилген.
- Кыргыз Республикасынын «Пробация жөнүндө» Мыйзамында (20-1-бер., 94-бер.), пробация органдары соттун чечиминин негизинде үй-бүлөлүк зомбулук жасаган пробациянын кардарларынын зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды өткөрөт.

# Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы:

- үй-бүлөлүк зомбулукка каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү негизги документ болуп эсептелет, жабыр тарткан адамдарды сактоонун, коргоонун, жардам көрсөтүүнүн жана колдоо көрсөтүүнүн комплекстүү тутумунун укуктук негиздерин түзөт, мамлекеттик органдар жана мамлекеттик эмес уюмдар тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата таасир этүүнүн атайын чараларын караштырат.
- Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрүнүн, жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүүнүн принциптеринин түшүндүрмөлөрүнүн топтомун аныктайт, жабыр тарткан адамдарды коргоонун атайын чараларын, анын ичинде балдарды жана кыймыл-аракети чектелген катары таанылган адамдарды коргоонун атайын чараларын караштырат.

# КР «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» Мыйзамы

- Мыйзам тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар атайын алдын алуунун объектилери болуп эсептелет деп караштырылган.
- Жарандардын бул категорияларына карата мыйзам тарабынан алдын алуучу таасир этүү чараларын ишке ашыруу караштырылган:
  - алдын алуучу аңгемелерди жүргүзүү;
  - атайын эскертүү чыгаруу;
  - алдын алуу объектисин реабилитациялык программаларга, социалдык адаптациялоо боюнча программаларга жана оңдоп-түзөөчү программаларга кошуу;
  - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын каршы келбеген, адамдын жана жарандын негизги укуктарын бузбаган, ошондой эле адамдын укуктарын чектебеген башка чаралар.

# КР «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамы

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды жүзөгө ашырууга, убактылуу коргоо ордерин берүүгө, узартууга жана анын шарттарынын аткарылышына контролдук кылууга (8-бер. 23-п.).

# КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы

Мыйзам тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан, киреше таппаган адамдар кылмыш-жаза, жарандык жана административдик сот өндүрүшү чөйрөсүндө жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу.

# КР «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамы

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерине үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү кирет (27-бер. 22-п.).